5. Сайдакматова, Ч. Т. Офтальмология боюнча орусча-кыргызча сөздүк / Ч. Т. Сайдакматова, А. Н. Медведев. — Бишкек, 1994.
6. Гүнгөр, А. Кыргыз жана түрк тилиндеги ооруга байланыштуу тергөө сөздөр : филол. илим. канд. дис. автореф. : 10.02.01 / Ахмет Гүнгөр. — Бишкек, 2006. — 19 б.

Рецензент: филология илимдеринин кандидаты, доцент Танаева Н. Ш.

УДК 37.022+811.512.154
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-143-149

Мадиярова К.К
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
Мадиярова К.К
КНУ имени Жусупа Баласагына
Madiyarova K. K.
KNU Jusup Balasagyn

ORCID 0009-0005-3933-0968

КОЛЛЕДЖДЕ КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУДА ЗАМАНБАП УСУЛДАРДЫ ЖАНА ЖАСАЛМА ИНТЕЛЛЕКТТИ КОЛДОНУУ
ИСПОЛЬЗОВАНИЕ СОВРЕМЕННЫХ МЕТОДОВ И ИСКУССТВЕННОГО ИНТЕЛЛЕКТА В ОБУЧЕНИИ КЫРГЫЗСКОМУ ЯЗЫКУ В КОЛЛЕДЖЕ
THE USE OF MODERN METHODS AND ARTIFICIAL INTELLIGENCE IN TEACHING THE KYRGYZ LANGUAGE AT COLLEGE

Кыскача мүнөздөмө: Макалада колледжде кыргыз тилин окутууда заманбап ыкмаларды жана жасалма интеллектти колдонуу маселеси каралат. Сабакта интерактивдүү жана коммуникативдик ыкмаларды, мультимедиалык каражаттарды жана онлайн платформаларды колдонуу студенттердин тил үйрөнүүгө болгон кызыгуусун арттырары белгиленет. Ошондой эле жасалма интеллекттин мүмкүнчүлүктөрүн окуу материалдарын даярдоодо, тапшырмаларды түзүүдө жана студенттердин билим деңгээлине жараша окутууда пайдаланууга көңүл бурулат. Мындан тышкары, мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу, окуу материалдарын жаңылоо жана колледждердин техникалык базасын жакшыртуу маселелери каралат. Кыргыз тилин окутууда студенттердин эркин сүйлөөсүнө, өз оюн туура билдирүүсүнө жана тилди келечектеги кесиптик ишинде колдоно билүүсүнө өзгөчө маани берилет. Заманбап ыкмаларды жана жасалма интеллектти туура колдонуу кыргыз тилин окутуунун сапатын жогорулатууга жана студенттердин тилге болгон кызыгуусун арттырууга жардам берери белгиленет.

Аннотация: В статье рассматривается использование современных методов и искусственного интеллекта при обучении кыргызскому языку в колледже. Отмечается, что применение на занятиях интерактивных и коммуникативных методов, мультимедийных средств и онлайн-платформ способствует повышению интереса студентов к изучению языка. Особое внимание уделяется возможностям использования искусственного интеллекта при подготовке учебных материалов, составлении заданий и организации обучения с учётом уровня знаний студентов. Кроме того, рассматриваются вопросы повышения квалификации преподавателей, обновления учебных материалов и улучшения технической базы колледжей. При обучении кыргызскому языку особое значение придаётся развитию у студентов навыков свободной речи, умения правильно выражать свои мысли и использовать язык в будущей профессиональной деятельности. Отмечается, что правильное

применение современных методов и искусственного интеллекта способствует повышению качества обучения кыргызскому языку и интереса студентов к его изучению.

Abstract: The article discusses the use of modern methods and artificial intelligence in teaching the Kyrgyz language at college. It notes that interactive and communicative methods, multimedia tools, and online platforms can increase students' interest in language learning. Special attention is given to the use of artificial intelligence in preparing learning materials, creating tasks, and organizing instruction according to students' level of knowledge. The article also considers the need to improve teachers' professional skills, update learning materials, and strengthen the technical resources of colleges. In teaching the Kyrgyz language, particular attention is paid to developing students' speaking skills, their ability to express their thoughts clearly, and their ability to use the language in their future professional activities. The article concludes that the appropriate use of modern methods and artificial intelligence can improve the quality of Kyrgyz language teaching and increase students' interest in learning the language.

Негизги сөздөр: кыргыз тили; колледж; заманбап ыкмалар; жасалма интеллект.
Ключевые слова: кыргызский язык; колледж; современные методы; искусственный интеллект.
Keywords: Kyrgyz language; college; modern methods; artificial intelligence.

Кыргыз тили — Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жана улуттук баалуулугу. Азыркы глобалдашуу жана технологиялык өнүгүү шартында кыргыз тилин сактоо, өнүктүрүү жана аны келечек муунга татыктуу өткөрүп берүү ар бирибиздин милдетибиз экендиги айтылып, жазылып келет. Бул милдетти иш жүзүндө аткаруунун жолдорунун бири — кыргыз тилин окутууда заманбап ыкмаларды жана жасалма интеллектти (ЖИ) колдонуу. Бүгүнкү күндө маалыматтык технологиялар абдан тез өнүгүп, жаңыланып жатат. Мындай өзгөрүүлөрдөн артта калбай, билим деңгээлин жогорулатуу үчүн мугалимдер семинар-тренингдерге, конференцияларга катышып, учурдун талабына жооп берген заманбап адис болууга умтулушу керек. Адамдын жашоого болгон көз карашы, ой жүгүртүүсү жана маалыматты кабыл алуусу мезгилге жараша өзгөрүп турат. Азыркы муунга маалыматты учурдун талабына ылайык түшүндүрүү маанилүү. Айрыкча студенттер маалыматты угуу менен гана эмес, көрүү аркылуу да тез түшүнүп, кабыл алышат. Ошондуктан сабак өтүүдө колдонулуучу ыкмалар студенттердин жаш өзгөчөлүгүнө жана билим деңгээлине ылайык тандалышы керек.

Колледждерге негизги жалпы билимдин (9-класс) жана орто жалпы билимдин (11-класс) базасында абитуриенттер кабыл алынат. Кесиптик орто билим берүү орто звенодогу адистерди даярдоого багытталат, ал эми окуу мөөнөтү адистикке, билим берүү программасына жана окуу формасына жараша белгиленет. Орто кесиптик билим берүүчү окуу жайларда ар кандай багыттар боюнча адистер даярдалат. 9-класстын базасында кабыл алынган студенттер кесиптик билим алуу менен катар жалпы орто билим берүүгө тиешелүү сабактарды да өздөштүрүшөт. Орто кесиптик билим берүү программалары тиешелүү мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизинде ишке ашырылат. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 10-майындагы № 863/1 буйругу менен бир катар адистиктер боюнча орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттары бекитилген [1].

«Кыргыз тили жана адабияты» дисциплинасы боюнча 3 кредит, 90 саат көлөмүндө жумушчу окуу программасы иштелип чыгат. Анын негизинде сабак берген мугалим окуу-методикалык комплексти даярдайт [1, 18 б].

Колледжди бүтүргөн студенттер жогорку окуу жайларында билимин уланта алышат. Ошондуктан колледждер менен жогорку окуу жайларында колдонулган жумушчу окуу программалары, методикалык колдонмолор жана окуу китептери бири-бирин кайталап калбастан, мазмуну боюнча улантылып турганы маанилүү. Мындай байланыш мугалим үчүн да, студент үчүн да пайдалуу. Эгер колледжде жана жогорку окуу жайында өтүлүүчү материалдар бири-бирин кайталай берсе, студенттин сабакка болгон кызыгуусу төмөндөшү мүмкүн.

Орто кесиптик билим берүүчү окуу жайларында кыргыз тилин окутууга арналган окуу куралдары жана методикалык колдонмолор жетишсиз. Бул мугалимдин сабакты талаптагыдай уюштуруусуна кыйынчылык жаратышы мүмкүн. Студент колледжге келечекте тандаган кесиби боюнча билим алып, өз максатына жетүү үчүн тапшырат. Анын билим алууга болгон кызыгуусун арттырууда сапаттуу методикалык колдонмолордун жана учурдун талабына жооп берген техникалык каражаттардын жеткиликтүү болушу чоң мааниге ээ. Ошондой эле ар бир окутуучунун өз предметин жакшы билиши жана аны студентке жеткиликтүү түшүндүрө алышы жаштардын дүйнө таанымын кеңейтүүгө жана келечекке болгон көз карашын калыптандырууга жардам берет.

Тил аркылуу башка элдер кыргыз элин, анын тарыхын жана маданиятын тааныйт. Ар кайсы тармакта иштеген адистердин кыргыз тилинде сабаттуу сүйлөп жана жаза билиши маанилүү. Ал үчүн орфоэпиялык, орфографиялык, пунктуациялык жана грамматикалык эрежелерди туура сактоо зарыл. Ошондуктан келечектеги адистердин кыргыз тилин жакшы өздөштүрүүсүнө кесиптик билим берүүдө да өзгөчө көңүл буруу керек.

Окутуунун заманбап ыкмалары:

1. Интерактивдүү окутуу. Интерактивдүү окутуу мугалим менен студенттердин ортосундагы тыгыз байланышка негизделип, студенттердин тил үйрөнүүгө болгон кызыгуусун арттырууга багытталат. Бул ыкмада талкуулар, ролдук оюндар жана долбоордук иштер сыяктуу ар түрдүү формалар колдонулат. Долбоордук окутууда студенттер реалдуу көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган долбоорлордун үстүндө иштешет. Мындай иштер алардын изилдөөчүлүк, чыгармачылык жана команда менен иштөө көндүмдөрүн өнүктүрөт [2].

2. Мультимедиа жана онлайн платформаларды колдонуу. Окутууда видео, аудио, презентациялар, онлайн окуу материалдары, тесттер жана тапшырмалар колдонулуп, студенттердин өз алдынча иштөөсүнө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Кыргыз тилин окутууда жасалма интеллектти (ЖИ) жекелештирилген окутууда, автоматташтырылган баалоодо жана тилдик ресурстарды түзүүдө пайдаланууга болот. Бул убакытты үнөмдөөгө жана окуу материалдарын ар бир студенттин билим деңгээлине жана адистигине ылайыкташтырууга мүмкүнчүлүк берет. Ошондой эле студенттер кесибине байланышкан тексттерди талдоодо, каталардын үстүндө иштөөдө, лексика жана грамматика боюнча электрондук ресурстарды пайдаланууда жасалма интеллекттин мүмкүнчүлүктөрүн колдоно алышат. Мындай окуу материалдарынын жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү окутуунун сапатын жогорулатууга жана студенттердин келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүндө мамлекеттик тилди эркин колдонуусуна шарт түзөт.

3. Коммуникативдик ыкма. Заманбап дүйнөдө тил билүүнүн мааниси улам жогорулап баратат. Глобалдашуу процессинин күчөшү, маалымат алмашуунун тездеши жана эл аралык байланыштардын кеңейиши тил билген адистерге болгон муктаждыкты арттырууда. Мындай шартта тил үйрөтүүнүн натыйжалуу жолдорун колдонуу маанилүү. Коммуникативдик ыкма тилди чыныгы баарлашуу аркылуу өздөштүрүүгө багытталат. Анын негизги максаты — студенттерге грамматикалык эрежелерди жана сөздөрдү жаттатуу менен гана чектелбестен, тилди күнүмдүк жана кесиптик баарлашууда туура колдоно билүүгө үйрөтүү [3]. Бул ыкмада окуу процесси чыныгы баарлашуу кырдаалдарына мүмкүн болушунча жакын уюштурулат. Студенттер өз оюн эркин билдирүүгө, башкаларды угуп түшүнүүгө жана тилдик тоскоолдуктарды жеңүүгө үйрөнүшөт. Мунун натыйжасында алардын кыргыз тилинде баарлашуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Коммуникативдик ыкманын бир нече маанилүү принциптери бар:

- Коммуникациянын артыкчылыктуулугу. Окутуунун негизги максаты — тилди баарлашуу куралы катары колдоно билүүгө үйрөтүү. Грамматика жана лексика коммуникативдик муктаждыктардын негизинде үйрөтүлөт.

- Аутентикалык материалдарды колдонуу. Сабактарда чыныгы жашоодо колдонулган материалдар (газета-журналдар, видеолор, аудиожазуулар, интернет булактары) пайдаланылат. Бул студенттерге тилдин күнүмдүк турмушта кандай колдонуларын түшүнүүгө жардам берет.

- Интерактивдүүлүк жана кызматташтык. Окуу процесси студенттердин активдүү катышуусуна жана бири-бири менен кызматташуусуна негизделет. Жуптук жана топтук иштер аркылуу студенттер бири-биринен үйрөнүп, өз ара колдоо көрсөтүшөт.

- Мазмундун маанилүүлүгү. Тил үйрөнүү кызыктуу жана маанилүү мазмундун негизинде жүргүзүлөт. Студенттер өздөрү үчүн актуалдуу болгон темаларды талкуулап, изилдешет.

- Ката кетирүүгө түшүнүү менен мамиле кылуу. Коммуникативдик ыкмада ката кетирүү үйрөнүү процессинин табигый бөлүгү катары кабыл алынат. Мугалим студенттерди кетирген каталары үчүн жазалабастан, аларды оңдоого жана билимин өркүндөтүүгө жардам берет.

- Студенттин активдүү ролу. Студент окуу процессинин борборунда турат. Ал өз алдынча билим алууга, изилдөөгө жана чечим кабыл алууга багытталат. Мугалим болсо багыт берүүчү жана жардамчы ролду аткарат.

Коммуникативдик ыкма төмөнкүдөй артыкчылыктарга ээ:

- Тилдик тоскоолдукту жоюу. Студенттер чыныгы баарлашууга катышуу аркылуу сүйлөөдөн коркуу сезимин жеңишет.

- Тилди практикада колдонуу көндүмдөрүн өнүктүрүү. Студенттер грамматикалык эрежелерди жана сөздөрдү гана үйрөнбөстөн, аларды туура жана ылайыктуу контекстте колдонууну да өздөштүрүшөт.

- Мотивацияны жогорулатуу. Кызыктуу жана интерактивдүү тапшырмалар студенттердин окууга болгон кызыгуусун арттырат.

- Сынчыл ой жүгүртүүнү жана кызматташтыкты өнүктүрүү. Топтук иштер жана талкуулар студенттердин өз оюн билдирүү, башкалардын пикирин угуу жана биргелешип чечим кабыл алуу көндүмдөрүн өнүктүрөт.

- Маданий түшүнүктү кеңейтүү. Аутентикалык материалдар аркылуу студенттер тил менен катар ошол тилде сүйлөгөн элдин маданияты жана каада-салттары менен да таанышышат.

Коммуникативдик ыкманын айрым кемчиликтери да бар. Мисалы, грамматикалык эрежелерди системалуу түрдө үйрөтүүгө кээде жетиштүү көңүл бурулбай калышы мүмкүн. Ошондуктан коммуникативдик ыкманы башка окутуу ыкмалары менен айкалыштырып колдонуу максатка ылайыктуу.

Коммуникативдик ыкма тил үйрөтүүнүн заманбап жана натыйжалуу жолдорунун бири болуп саналат. Ал студенттерди чыныгы баарлашууга даярдап, тилдик тоскоолдуктарды жеңүүгө жана тилди практикада колдонуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жардам берет. Кыргыз тилин окутууда коммуникативдик ыкманы колдонуу студенттердин тилди эркин пайдалануусуна жана окутуунун сапатын жогорулатууга өбөлгө түзөт.

Заманбап ыкмаларды жана жасалма интеллектти колдонуунун жолдору

1. Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу

Бүгүнкү күндө технологиянын өнүгүшү жана эмгек рыногунун талаптарынын өзгөрүшү менен билим берүүдө заманбап ыкмаларды жана жасалма интеллектти (ЖИ) колдонуу барган сайын маанилүү болуп жатат. Жасалма интеллект мугалимдин ишин жеңилдетүүгө, айрым иштерди автоматташтырууга, маалыматтарды талдоого жана көп убакытты талап кылган кайталанма иштерди тез аткарууга жардам берет. Ошондой эле көлөмдүү маалыматтар менен иштөөдө керектүү маалыматтарды табууга жана аларды талдоого мүмкүнчүлүк түзөт. Мындай мүмкүнчүлүктөрдү туура пайдалануу үчүн мугалимдер заманбап технологиялар менен иштөө боюнча билимин жана көндүмдөрүн үзгүлтүксүз өркүндөтүп турушу зарыл [4].

Жасалма интеллект (ЖИ) — адамдын интеллектуалдык жөндөмдөрүн туураган компьютердик системалардын жыйындысы. Ал маалыматтарды талдоого, үйрөнүүгө, көйгөйлөрдү чечүүгө жана чечим кабыл алууга жардам берет. Жасалма интеллект мугалимге жаңы идеяларды табууга, сабактын мазмунун кызыктуу уюштырууга жана ар түрдүү тапшырмаларды даярдоого мүмкүнчүлүк берет. Сабак канчалык кызыктуу жана түшүнүктүү уюштурулса, студенттердин билим алууга болгон кызыгуусу да ошончолук жогорулайт.

Бүгүнкү күндө технологиялар жашообуздун дээрлик бардык тармактарында колдонулуп жатат. Ошондуктан мугалим да заман талабына ылайык жаңы билимдерди өздөштүрүп, кесиптик деңгээлин дайыма жогорулатып турушу керек. Бул үчүн мугалимдерге арналган семинар-тренингдерди, конок лекцияларды жана конференцияларды уюштуруу маанилүү. Ошондой эле окуу материалдарын жаңылоого жана билим берүү мекемелеринин техникалык базасын жакшыртууга жетиштүү көңүл буруу зарыл.

Технологиялар өнүгүп, илим-билим жаңы деңгээлге көтөрүлгөн сайын коомдун талаптары да өзгөрүүдө. Мындай шартта билим берүү системасы да заман талабына ылайык өнүгүп турушу керек. Анын негизги шарттарынын бири — окуу материалдарын үзгүлтүксүз жаңылоо жана алардын актуалдуулугун сактоо.

2. Окуу материалдарын толуктоо

Окуу материалдарын толуктоо — жаңы билимдерди киргизүүгө, окутуунун заманбап ыкмаларын колдонууга жана студенттердин билим алууга болгон кызыгуусун арттырууга багытталган үзгүлтүксүз процесс. Илимдин ар кайсы тармактарында жаңы ачылыштар жасалып, жаңы маалыматтар пайда болууда. Технологиялардын өнүгүшү да билим берүү процессине жаңы мүмкүнчүлүктөрдү алып келүүдө. Интерактивдүү доскалар, онлайн платформалар, виртуалдык жана толукталган реалдуулук технологиялары сабакты кызыктуу жана натыйжалуу уюштурууга жардам берет. Окуу материалдарын толуктоо жана жаңылоо жаңы технологияларды колдонууга шарт түзүп, студенттердин билим алууга болгон кызыгуусун арттырат.

Бүгүнкү күндө жумуш берүүчүлөр теориялык билими бар адистерге гана эмес, сынчыл ой жүгүртө билген, көйгөйлөрдү чечүүгө, команда менен иштөөгө жөндөмдүү, өз оюн так билдире алган жана чыгармачылык менен иштей билген адистерге да муктаж. Ошондуктан окуу материалдары студенттерге теориялык билим берүү менен гана чектелбестен, алардын мындай көндүмдөрүн өнүктүрүүгө да багытталышы керек.

Окуу материалдарын толуктоо жана жаңылоо — оңой процесс эмес. Ал мугалимдердин, окумуштуулардын, методисттердин жана билим берүү тармагындагы башка адистердин биргелешкен ишин талап кылат. Жаңы окуу пландарын иштеп чыгуу, заманбап окуу китептерин даярдоо, интерактивдүү материалдарды түзүү жана мугалимдерди жаңы технологияларды колдонууга үйрөтүү жаңылоо процессинин маанилүү бөлүктөрү болуп саналат. Бул иштер студенттердин сапаттуу билим алуусуна, келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүнө даяр болушуна жана жалпы коомдун өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. Ошондуктан мектептер, орто жана жогорку кесиптик билим берүүчү окуу жайлар үчүн даярдалган окуу материалдары заманбап окутуу технологияларына ылайык жаңыланып турушу зарыл.

Билим берүү тармагындагы өзгөрүүлөр окутуунун сапатын жогорулатууга, студенттердин кызыгуусун арттырууга жана аларды заманбап талаптарга ылайык даярдоого багытталат. Бул максаттарга жетүүнүн негизги шарттарынын бири — билим берүү мекемелеринин техникалык базасын жакшыртуу. Билим берүү мекемелерин заманбап компьютерлер, интерактивдүү доскалар, проекторлор, интернет байланышы, лабораториялык жабдуулар, электрондук китепкана ресурстары жана окуу процессине керектүү башка техникалык каражаттар менен камсыз кылуу маанилүү. Заманбап технологиялар билим берүү процессин кызыктуу жана натыйжалуу уюштурууга мүмкүнчүлүк берет. Интерактивдүү сабактар, мультимедиалык материалдар жана онлайн ресурстар студенттердин окуу материалын жакшы түшүнүп, эстеп калуусуна жардам берет. Мисалы, интерактивдүү досканын жардамы менен мугалим сабактын материалын көргөзмөлүү түрдө берип, студенттерди окуу процессине активдүү катыштыра алат.

3. Техникалык базаны жакшыртуу

Техникалык базаны жакшыртуу студенттердин заманбап технологияларды колдонуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө шарт түзөт. Бүгүнкү күндө компьютердик сабаттуулук жана маалыматтык технологияларды колдоно билүү мугалимдер үчүн да, студенттер үчүн да маанилүү. Кыргыз тилин окутууда кыргыз жомокторун, акын-жазуучулардын чыгармаларын аудио жана видео форматта

колдонуу студенттердин тилди жакшы өздөштүрүүсүнө жана дүйнө таанымын кеңейтүүгө жардам берет.

Жаңы технологияларды колдонуу мугалимдерге сабактарды даярдоону жана өткөрүүнү жеңилдетип, студенттер менен жекече иштөөгө көбүрөөк убакыт бөлүүгө мүмкүнчүлүк берет. Заманбап техникалык база билим берүү мекемелеринин башка уюмдар менен кызматташуусуна, онлайн курстарга жана вебинарларга катышуусуна, дүйнөлүк билим берүү ресурстарын пайдаланууга шарт түзөт. Бул окутуунун сапатын жогорулатууга жана билим берүү тармагындагы жаңы багыттардан кабардар болуп турууга жардам берет. Ошондуктан колледждердин техникалык базасын жакшыртуу заманбап билим берүүнүн маанилүү шарттарынын бири болуп саналат.

4. Кыргыз тилин окутуунун мазмунун жаңылоо

Кыргыз тили эгемендүүлүк жылдарында мамлекеттик тил катары өзүнүн ордун бекемдеп, коомдук турмуштун ар кандай чөйрөлөрүндө колдонулуп келет. Ошол эле учурда замандын талабына ылайык кыргыз тилин окутуунун мазмунун жаңылоо, аны жаңы ыкмалар жана технологиялар менен толуктоо зарыл. Окуу материалдары студенттердин жаш өзгөчөлүгүнө, билим деңгээлине жана келечектеги кесибине ылайык түзүлүп, тилди күнүмдүк турмушта жана кесиптик ишмердүүлүктө колдонууга багытталышы керек.

5. Коммуникативдик багытты күчөтүү

Кыргыз тилин окутууда студенттердин тилди эркин жана туура колдоно билүүсүнө өзгөчө көңүл буруу зарыл. Сабакта алган билимди күнүмдүк жана кесиптик баарлашууда колдонууга мүмкүнчүлүк берген тапшырмалар көбүрөөк берилиши керек. Бул студенттердин өз оюн эркин билдирүүсүнө, пикир алышуусуна жана мамлекеттик тилди практикалык максатта пайдалануусуна жардам берет.

6. Аутентикалык материалдарды колдонуу

Окутуу процессинде чыныгы турмушта колдонулган кыргыз тилиндеги материалдарды — гезит-журналдарды, адабий чыгармаларды, видео жана аудиоматериалдарды, интернет булактарын — пайдалануу студенттердин тилге болгон кызыгуусун арттырат жана алардын дүйнө таанымын кеңейтет. Мындай материалдар студенттерге азыркы кыргыз тилинин лексикасын, фразеологиясын жана колдонулуш өзгөчөлүктөрүн практикалык материалдардын негизинде өздөштүрүүгө жардам берет.

7. Заманбап педагогикалык технологияларды колдонуу

Маалыматтык-коммуникациялык технологияларды (МКТ) колдонуу окуу процессин заманбап талаптарга ылайык уюштурууга мүмкүнчүлүк берет. Интерактивдүү доскалар, онлайн платформалар, мобилдик тиркемелер жана башка санариптик ресурстар студенттердин сабакка болгон кызыгуусун арттырып, окуу материалдарын жакшы өздөштүрүүгө жардам берет. Мындай технологиялар студенттердин өз алдынча иштөөсүнө жана керектүү маалыматтарды издеп табуусуна да шарт түзөт. Ошондой эле аралыктан окутууда онлайн курстарды, тапшырмаларды жана башка электрондук окуу материалдарын колдонууга мүмкүнчүлүк берет [5].

8. Улуттук баалуулуктарды жана маданиятты жайылтуу

Кыргыз тилин окутууда улуттук баалуулуктарды, каада-салттарды, тарыхты жана маданиятты чагылдырган материалдарды колдонуу жаштардын улуттук аң-сезимин калыптандырууга жана мекенчилдик сезимин өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгы, көрүнүктүү инсандары жана маданий мурастары тууралуу маалыматтарды окуу материалдарына киргизүү студенттердин тил менен катар улуттук маданиятты таанып-билүүсүнө жардам берет.

9. Тилдик чөйрөнү активдештирүү

Студенттердин кыргыз тилинде эркин баарлашуу көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн тилди ар кандай кырдаалдарда колдонууга шарт түзүү зарыл. Тил үйрөтүүчү ийримдерди, сынактарды, семинар-тренингдерди жана мастер-класстарды уюштуруу студенттердин кыргыз тилине болгон кызыгуусун арттырып, практикалык көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жардам берет.

Жыйынтыктап айтканда, колледжде кыргыз тилин окутууда заманбап ыкмаларды жана жасалма интеллектти колдонуу билим берүүнүн сапатын жогорулатууга жардам берет. Интерактивдүү жана

коммуникативдик ыкмалар, санариптик ресурстар, мультимедиалык каражаттар жана онлайн платформалар студенттердин сабакка болгон кызыгуусун арттырып, кыргыз тилин практикада колдонуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Жасалма интеллектти туура пайдалануу мугалимдин ишин жеңилдетип, окуу материалдарын даярдоого, тапшырмаларды түзүүгө жана аларды студенттердин билим деңгээлине ылайыкташтырууга жардам берет.

Ошол эле учурда заманбап технологияларды колдонуу менен гана чектелбестен, окуу материалдарын жаңылоо, мугалимдердин кесиптик билимин өркүндөтүү жана колледждердин техникалык базасын жакшыртуу маанилүү. Кыргыз тилин окутууда улуттук баалуулуктарды, тарыхты, маданиятты жана адабий чыгармаларды камтыган материалдарды пайдалануу да студенттердин тилге болгон кызыгуусун арттырууга өбөлгө түзөт.

Демек, кыргыз тилин окутууда салттуу окутуунун пайдалуу жактарын заманбап ыкмалар жана жаңы технологиялар менен айкалыштыруу зарыл. Мындай мамиле студенттердин кыргыз тилинде эркин сүйлөөсүнө, өз оюн туура билдирүүсүнө жана мамлекеттик тилди келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүндө колдоно билүүсүнө шарт түзөт.

Колдонулган адабияттар

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги. Орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты: 2022-жылдын 10-майындагы № 863/1 буйрук менен бекитилген. – Каттоо № 8, код 200724.
2. Рысбаев С. К. Кыргыз тилин үйрөтүүнүн технологиялары. – Бишкек: Кут-Бер, 2023. – 280 б.
3. Тапшынар М., Алимбеков А. Окутуунун жалпы методдору. – Бишкек: КТМУ, 2004. – 236 б.
4. Монуева М. А. Билим берүүдөгү жасалма интеллекттин мүмкүнчүлүктөрү // Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. – 2024. – № 2 (5). – 105–110-бб.
5. Акматов Б. М., Мукамбетова А. С. Кыргыз тилин окутуунун инновациялык технологиясы: теория жана практика. 1-китеп. – Бишкек: Полиграфресурсы, 2010. – 284 б.
6. Акматов Б. М., Мукамбетова А. С. Кыргыз тилин окутуунун инновациялык технологиясы: теория жана практика. 2-китеп. – Бишкек: Полиграфресурсы, 2010. – 256 б.

Рецензент: педагогика илимдеринин доктору, профессор Чыманов Ж.А.

УДК: 30.428(575.2)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-149-155

Максутова Ж.Ж., Закирова Б.А.
ОшМУ
Максутова Ж.Ж., Закирова Б.А.
ОшГУ
Maksutova Zh. Zh., Zakirova B. A.
OshSU

ORCID 0000-0003-4794-5733
ORCID 0000-0001-5186-3568

СТУДЕНТТЕРДИН СҮЙЛӨӨ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУДА ТИЛДИК КАРАЖАТТАРДЫ КОЛДОНУУНУН АЙРЫМ ЫКМАЛАРЫ (A2, B1, B2, C1 ДЕҢГЭЭЛДЕРИНИН МИСАЛЫНДА)

НЕКОТОРЫЕ МЕТОДЫ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ ЯЗЫКОВЫХ СРЕДСТВ В ФОРМИРОВАНИИ РЕЧЕВОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ СТУДЕНТОВ (НА ПРИМЕРЕ УРОВНЕЙ A2, B1, B2, C1)